**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛУСУ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУ**
**БИРЛИК АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ БИРЛИКСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

720212 село Ормош айылы №1-көчө №5-үй тел:(03655)6-00-25 <birlikjylkenesi@mail.com>

**Бирлик айылдык кеңешинин VIII-чакырылышынын кезектеги V-сессиясы**

Токтом №18
18-август 2025-жыл Ормош айылы

**Жайыттарды натыйжалуу башкаруу жана пайдалануу боюнча 2025-2030-жылдарга түзүлгөн иш планын бекитүү жөнүндө**

Бирлик айыл аймагында жайыттарды натыйжалуу башкаруу жана пайдалануу боюнча 2025-2030-жылдарга түзүлгөн иш планын бекитүү жөнүндө Бирлик айыл аймагынын айылдык кеңешинин VIII-чакырылышынын кезектеги V-сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1.Бирлик айыл аймагында жайыттарды натыйжалуу башкаруу жана пайдалануу боюнча 2025-2030-жылдарга түзүлгөн иш план бекитилсин.

2.Бекитилген иш план менен такай иш алып баруу жана жыйынтык чыгаруу жайыт кызматкерине жүктөлсүн.

3.Аталган токтом Бирлик айылдык кеңешинин www.birlik.gov.kg/admin/ сайтына жарыялансын жана Баткен областык юстиция башкармалыгына каттоо үчүн жөнөтүлсүн.

4.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы “Биримдик” муниципалдык ишканасынын башчысы А.Аслановго жүктөлсүн.

**Төрага** **Н.Гафуров**

**БЕКИТЕМ**
Баткен облусунун Кадамжай районуна караштуу
Бирлик айылдык кеңешинин төрагасы
Н.Гафуров ______________________
18-август 2025-жыл

# ТИПТҮҮ
# ЖАЙЫТТАРДЫ БАШКАРУУ ЖАНА ПАЙДАЛАНУУ БОЮНЧА ПЛАНЫ
# 2025-2030-ЖЫЛДАРГА КАРАТА (5 жылга чейин)

Ормош айылы. 18-август 2025-жыл

**МАЗМУНУ**


1. **ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ..........................................................................................................**
**1.1. Айыл аймагы боюнча маалымат: географиялык орду, климаты, айылдары жана калкы......................................................................................................................................**
**1.2. Жер ресурстары...................................... ...................................................................**

**2. ЖАЙЫТ РЕСУРСТАРЫ, ИНФРАСТРУКТУРА ЖАНА АЛАРДЫН АБАЛЫ**
**2.1. Жайыт участокторунун картасы.........................................................................**
**2.2. Жайыт ресурстарынын жалпы мүнөздөмөсү (аянты, түшүмдүүлүгү, сыйымдуулугу, абалы)........................................................................................................................................**
**2.3. Жайыт инфраструктура объектилери жана алардын абалы..............................**
**2.4. Климаттын өзгөрүшүн эске алуу менен жайыттардын абалын баалоо анализи.......... ..........................................................................................................**

**3. МАЛДАРДЫН САНЫ, АЛАРДЫН ЖАЙЫТКА ЖАНА ДАЯРДАЛУУЧУ ТОЮТТАРГА БОЛГОН МУКТАЖДЫГЫ ...................................................................**
**3.1. Быйылкы жылга шарттуу малдын башы ...............................................................**
**3.2. 5 жылга карата болжолдуу шарттуу малдын башы жана тоютка болгон муктаждык................................ ......................................................................................**
**3.3. Сезон боюнча жайыттардагы жана жайыттан башка дагы жер участокторундагы тоюттун көлөмү............................... ..........................................................................**
**3.4. Даярдалуучу тоюттун көлөмү...................................................................................**
**3.5. Тоют балансы...................................................................................................................**

**4. 5 ЖЫЛГА КАРАТА ЖАЙЫТТАРДЫ БАШКАРУУ ЖАНА ПАЙДАЛАНУУ, АЛАРДЫ ЖАКШЫРТУУ ЖАНА РЕАБИЛИТАЦИЯЛОО БОЮНЧА ОРТО МӨӨНӨТТҮҮ ПЛАНЫ................................................................................ ..............**
**4.1. Фокус топторду сурамжылоонун жыйынтыктарынын негизинде жайыт пайдалануучулардын муктаждыктарын баалоо анализи............................ .....**
**4.2. Жайыттардын абалына мониторинг жана баалоо жүргүзүү боюнча чаралары.........................................................................................................................**
**4.3. Жайыттарды пайдалануу планы..............................................................................**
**4.4. Башка максаттарда жайыттарды башкаруу жана пайдалануу планы...................**
**4.5. Малдардын ден-соолугун коргоо боюнча чаралар.....................................................**
**4.6. Айлана чөйрөнү коргоо боюнча иш-чаралар...............................................................**
**4.7. Инвестициялар жана иш-чаралар.................................................................................**
**4.8. Жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча пландын аткарылышына мониторинг жана баалоо жүргүзүү боюнча иш-чаралар.................................................**

**5. ТИРКЕМЕЛЕР.........................................................................................................**

# 1. ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

## 1.1. Айыл аймак боюнча маалымат-географиялык орду, климаты, айылдары жана калкы

Бирлик айыл аймагы Баткен облусунун Кадамжай районуну батыш бөлүгүндө жайгашкан.

Бирлик айыл аймагынын климаты негизинен континенталдуу климаттарга кирет. Июнь айындагы абанын орточо температурасы 21-25°С, август айында 30-31°С. Эң суук күндөр январь айына туш келет - 2°С тен - 30°С ке чейин. Өтө ысык аба ырайы июль айында күтүлөт.

Бирлик айыл аймагында 12 айыл бар. Ормош айылы айыл аймактын административдик борбору болуп саналат.

2025-жылдын 1-январына карата маалымат боюнча айыл аймактын калкынын саны 13520 адам, түтүндүн саны 2548.

Калктын кирешесинин негизги булагы мал чарбасы түзөт. Айыл аймактын калкынын 65% мал чарбасында эмгектенишет, 29%и -жер иштетүүчүлөр жана 9% башка тармактарда эмгектенишет.

**Калктын жана түтүндөрдүн саны тууралуу маалымат**

**Таблица№1**

| **№** | **Айылдын аталышы** | ***2025-жылдынга карата*** | |
|---|---|---|---|
| | | **Калктын саны** | **Түтүн саны** |
| **1** | Ормош | 1608 | 316 |
| **2** | Бел | 1161 | 208 |
| **3** | Жал | 1210 | 220 |
| **4** | Жаны-Коргон | 1474 | 266 |
| **5** | Моло | 745 | 129 |
| **6** | Сур | 2114 | 407 |
| **7** | Сырт | 1816 | 318 |
| **8** | Тескей | 250 | 60 |
| **9** | Чечме | 1319 | 274 |
| **10** | Эшме | 917 | 180 |
| **11** | Жаны-Сырт | 505 | 77 |
| **12** | Ынтымак | 401 | 93 |
| **Жалпы** | | **13520** | **2548** |

**Айыл тургундардын негизги киреше булактары**

**Тааблица №2**

| Иш чөйрөсү | 2025жыл |
|---|---|
| Мал чарбачылык | 65 |
| Дыйканчылык | 29 |
| Кызмат көрсөтүү чөйрөсү (соода, ж.б) | 6 |
| **Жалпы** | **100** |

## 1.2. Жер ресурстары

Айыл аймагындагы жайыт жерлерди кошкондо жер ресурстарынын жалпы аянты **41124 гектарды** түзөт, анын ичинен жайыт **9251га.**

Айыл аймакта узак мөөнөттүү пайдалануудагы участоктор бар, ошондой эле жайкы сезондо мал жаюу үчүн Мамлекеттик токой фондунун (МТФ) жайыттарын пайдаланышат. Айыл өкмөтү менен Токой чарбасын башкаруунун аймактык мамлекеттик органынын ортосундагы келишим №1 тиркемеде.

Төмөнкү 3-таблицада айыл чарба жерлеринин категориялар боюнча аянты көрсөтүлгөн.

**Таблица №3**

| № | Айыл чарба жерлеринин категориялары | Бардыгы,га |
|---|---|---|
| 1 | Сугат жерлер | 453 |
| 2 | Кайраккы жерлер | 865 |
| 3 | Көп жылдык бак-дарактар | 189 |
| 4 | Чөп чабынды | 22 |
| 5 | Жайыттар | 9251 |
| 6 | Башка жерлер (а/ч жараксыз,элдүү пункт) | 671 |
|  | **Бардыгы** | **11451** |

**Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилери жана жооптуу адамдары:**

**Таблица №4**

| № | Аты-жөнү | Кызмат орду, Мекеме | Электрондук почта | Байланыш телефону |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Гафуров Б | Жергиликтүү кеңештин төрагасы | | 0779957188 |
| 2 | Айдаров А | Айыл өкмөт башчысы | | 0505224656 |
| 3 | Абдапаров К | Малдардын ден соолугун коргоо тобунун башчысы | | 0776795762 |
| 4 | Маматов Ш | Жайыт боюнча адис | | 0777111808 |

## 2. ЖАЙЫТ РЕСУРСТАРЫ, ИНФРАСТРУКТУРА ЖАНА АЛАРДЫН АБАЛЫ

### 2.1 Жайыт участокторунун картасы

**Карта №1**

***Жайыт участогунун инфраструктурасы***

**Карта №2**

| | | |
|---|---|---|
| ** “Google Earth Pro” программасында кененирээк* | | |
| **Примечание:** Мисал катары карта №1 жана 2 Искра айыл аймагыныкы алынды. | | |

**2.2Жайыт ресурстарынын жалпы мүнөздөмөсү (аянты, түшүмдүүлүгү, сыйымдуулугу, абалы)**

Бирлик айыл аймагынын учурдагы жамааттык мал жаюу системасы 16 участокту же жайыттарды башкаруунун 4 зонасын (жайлоолор) камтыйт. Ошондой эле, түшүм жыйналып алынгандан кийин айдоо жерлерге, көп жылдык өсүмдүктөр өстүрүлгөн жерлерге мал жайылат. Ар бир жайлоолордо талаа жана шалбаалуу талаа жайыттары бар. Пайдалануу мезгили боюнча жайыттар жазгы-күзгү, жайкы, кышкы болуп бөлүнөт, бирок чындыгында жайыт мезгилдерге жараша жаз-жай, жаз-жай-кыш; жай; күз-кыш жана жыл бою пайдаланылат.

Бирлик айыл аймагында колдонулбаган жайыттар бар (эгерде бар болсо)-_______________________(участоктун аталышы жана эмнеге колдонулбайт /себебин түшүндүрүү, мисалы: отоо чөп баскан, ууланган, бадалдар өсүп кеткен, таштак, зоокалуу, тик, оор климаттуу жана башка).

**Жайыт участокторунун мүнөздөмөлөрү боюнча таблица**

**Таблица№5**

| № | Аталышы | Жайыт тиби | Участоктордун аянты,га | | | Пайдалануу мезгили |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | Жайыттар | Мал майууга мүмкүн болгон жерлер | Баардыгы | |
| 1 | Алоодин | Шалбалуу | 1010 | 2540 | **3550** | Жай |
| 2 | Сөгөт | Шалба талаа | | 1200 | **1200** | Жыл бою |
| 3 | Гауян | Шалба талаа | 400 | 1420 | **1830** | Жаз,жай,күз |
| 4 | Гороту | Шалба талаа | 280 | 980 | **1200** | Жаз,жай |
| 5 | Ууру сай | Шалба талаа | 290 | 930 | **1220** | Жай |
| 6 | Залкар | Шалба талаа | 240 | 2300 | **2540** | Жыл бою |
| 7 | Айылга жакын жайыт участоктору | Шалба талаа | | | **150** | Жыл бою |

*Мал жайууга мүмкүн болгон жерлер: Буларга сугат жана кайракы айдоо жерлер,кысыр аңыздар жана көп жылдык бак-дарактар кирет,ошондой эле түшүм жыйналгандан кийин гана мал жайылат.

**Маалымдама**

Малды жайтка жайуу жана аларды короодо кармоо мезгили боюнча жайттар жана мал жайылуучу участоктор төмөнкү мезгилдерге бөлүнөт:

-жазгы (жайыттар жана мал багуучу участоктор)

-жайкы (жайыттар жана мал багуучу участоктор)

-күзгү (жайыттар жана мал багуучу участоктор)

-кышкы (короодо)

**Таблица№6**

| № | **Жыл мезгили** | **Жайытка жаюу/кармоо мезгили** | **Кун** | **Эскертүү** |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Жаз | 01.04.- 31.05 | 45 | Жаз мезгилинен күз мезгилине чейин мал жайыттарда жана мал жайылуучу участоктордо жайылат.Малды жайытка жаюунун жалпы узактыгы 215 күндү түзөт. |
| 2 | Жай | 01.06.- 15.09 | 120 | |
| 3 | Күз | 16.09.- 30.11 | 60 | |
| 4 | Кыш | 01.12.- 31.03 | 150 | Кыш мезгилинде, б.а 150 күн, мал адатта короодо багылат. |

**Жайыттардын түшүмдүүлүгү, сыйымдуулугу жана алардын абалы**

Жайыттардын түшүмдүүлүгү: жайкы -370ц/га; жазгы-420ц/га; кышкы-110ц/га жана күзгү-370ц/га. Түшүмдүүлүгү азыраак жайыт участоктору жыл бою пайдаланыла турчулар. Калктуу конуштарга жакын жайгашкан Жайыт участокторунда  жана жыл бою пайдаланылуучу участокторду кошпогондо, жайыт аянтындагы малдын жүгү жайыт участокторунун сыйымдуулугуна туура келет/келбейт.

Башкаруу планына ылайык, 2025-2030жыл аралыгында жайыттардын абалына мониторинг жана баа берүү негизги жайыттын 7 (саны жазылат) участокторy (айылга жакын жайыттар Заркар,Тескей (аталышы) участогунда, ________ Гауян(аталышы) жайлоосундагы Талды булак (аталышы) участкасында) жүргүзүлдү (жайыттардын абалына мониторинг жана баа берүүнүнүн жыйынтыктарын ушул жерден же тиркемеден таанышса болот).

Жайыттардын абалына мониторинг жана баалоонун жыйынтыктары боюнча мурдагы кургакчыл жылдардын жана малдын ашыкча жайылышынын таасири алдында, Алоодин (аталышы) жайыт участогу жеңил деградацияланган (баалоо баллы______). Калган участоктордун абалы жакшы. Баалоонун орточо баллы _____түзөт. *(Толук маалымат менен Excel программасында тиркемеден таанышса болот)*

## 2.3 Жайыт инфраструктура объектилери жана алардын абалы

Айыл өкмөтү түзгөн жумушчу топ айыл аймактын жайыттарындагы инфраструктуранын абалына анализ жүргүздү. Айыл аймактын территориясында ветеринардык аптека, купка жана Беккари чуңкурчасы бар. Ушул объектилер жакшы абалда жана иштеп жатат. Айыл аймакта жайыттарга алып баруучу ____ км жол бар. Анын ичинен ___ км начар абалда турат. ____ көпүрөлөрдөн ___көпүрө кооптуу абалда турат. ____ мал суу ичүүчү жайлардын ____ ремонт же калыбына келтирүү талап кылынат.

*(Толук маалымат тиркемеде көрсөтүлгөн)*

## 2.4 Климаттын өзгөрүшүн эске алуу менен жайыттардын абалын баалоо анализи

Бирлик айыл аймагында акыркы жылдары аба ырайынын өзгөрүүсү байкалууда: 2024-жыл кургакчыл болгон, жайы жаан-чачынсыз жогорку температурада болгон. Жайыттарда чөптөр күйүп, кээ бир булактар соолуп, мунун баары малдын продуктуулугуна терс таасирин тийгизген.

2025-жылы жаз-жай айларында жаан-чачындын көп жаашы жайыттардын өсүмдүктөрүнө жакшы таасирин тийгизген, бирок ошол эле учурда, малды жайкы жайыттарга өз убагында айдап чыгууда кыйынчылыктар болгон (төмөн температура, нөшөрлөп жааган жамгыр, сел, дарыялардын толкундуу агымдары аркылуу өтүүдөгү кыйынчылыктар ж.б. байланыштуу жайыттарда чөптөрдүн кеч өсүп чыгууда).

Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин маалыматы боюнча айыл аймагында сел жүрүү коркунучу бар жайыт участкалары, жер көчкү жүрүү коркунучу бар жерлер бар. Бул участкалардагы жайыттарды пайдалануу планын түзүүдө, Кыргызгидромет тарабынан иштелип чыккан аба ырайынын болжолдоолору жана Эрте кабарлоо системасынын маалыматтары колдонулат.

Климаттын өзгөрүшүнө ыңгайлаштыруу боюнча негизги жумуш:

- өзгөчө кырдаалдарды (сел, катуу суук жана жаан-чачындар, жер көчкүлөр, кургакчылык ж.б. дуушар болуучу территориялар) болжолдоо мониторингинин натыйжалары боюнча иш-чараларды пландаштыруу.
- жайыт пайдалануучуларга климаттын өзгөрүшүнүн жайыттарга жана малдын продуктуулугуна тийгизген таасирин түшүндүрүү;
- жайыттардын сыйымдуулугуна жараша мал жаюунун планын иштеп чыгуу менен, ага жылдын аба ырайы да таасир этет;
- деградацияланган участкаларга жайыттарды которуштуруп пайдалануу;
- жайыттарды эс алдыруу жана пайдалануу мөөнөтүн жөнгө салуу;
- инфраструктураны жакшыртуу, куруу жана реабилитациялоо (сарайлар, көп жылдык чөптөрдү себүү, жер семирткичтерди берүү, сугат жерлерин түзүү ж.б.);
- кышкы тоюттандыруу үчүн дагы, кургакчылык учурунда дагы тоюттун камсыздандыруу запастарын көбөйтүү;
- климаттын өзгөрүшүнө ыңгайлашкан жаныбарлардын тукумдук курамын жакшыртуу.

## 3. МАЛДАРДЫН САНЫ, АЛАРДЫН ЖАЙЫТКА ЖАНА ДАЯРДАЛУУЧУ ТОЮТТАРГА БОЛГОН МУКТАЖДЫГЫ

### 3.1. Быйылкы жылга шарттуу малдын башы

2025-жылдын 1-январына карата айыл аймакта эсептелип чыккан бодо малдын башы 6929 түзгөн . Малдын бир нече түрү багылат, жана алардын ар бир түрүнө карата күн сайын жана ай сайын канча кургак зат керектелери эсептелген. Жергиликтүү фермерлердин көпчүлүгү негизинен сүт жана эт өндүрүү үчүн бодо мал кармайт. Сүт базарда жана сүт жыйноочуларга сатылат. Жылкыны кымыз өндүрүү жокко эсе.

***2025-жылга карата малдын башы жана түрүнө жараша тоюттун керектелиши***

*7-таблица*

| Тоюттарга негизги муктаждык 1 ШМБ =300 кг (Бирлик А/А 1 уй = 1,13 ШМБ, жылкы = 1,3 ШМБ) | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **№** | **Малдардын түрү** | **Саны** | **Коэффициент*** | **ШМБ эквиваленти** | **Суткалык керектөө, кг** | **Кургак затка муктаждык, 1 күн/кг** |
| | | **C** | **D** | **E=C*D** | **F** | **G=E*F** |
| 1 | Ири мүйүздүү мал | 2508 | 1,00 | 2508 | 7,5 | 18810 |
| 2 | Торпоктор (1 жашка чейин) | 2030 | 0,7 | 1421 | 7,5 | 10658 |
| 3 | Кой-эчкилер | 12404 | 0,2 | 2481 | 7,5 | 18606 |
| 4 | Жылкылар | 456 | 1,0 | 502 | 7,5 | 3762 |
| 5 | Тайлар (1 жашка чейин) | 25 | 0,7 | 18 | 7,5 | 131 |
| **Бардыгы:** | | **17423** | | **6929** | **7,5** | **51967** |
| **Кургак заттын жылдык керектелиши** | | | | | | **18967864** |

*8-таблица*

| **Мезгилдер б-ча тоюттарга болгон мутаждык** | **Мал жаю күндөрү** | **1 күнгө КЗ керектелиши, кг** | **Мезгилдерге карата КЗ керектелиши, кг** |
|---|---|---|---|
| | **C** | **D** | **E=C*D** |
| Жаз | 45 | 51966.8 | 2E+06 |
| Жай | 120 | 51966.8 | 6236010,0 |
| Күз | 50 | 51966.8 | 2598337,5 |
| **Жалпысы** | **215** | | **1E+07** |
| Кыш | 150 | 51966.8 | 7795012,5 |
| **Бардыгы** | **365** | 51966.8 | 2E+07 |
| | | | |

D= 6929*7кг

Айыл аймагындагы жалпы ШМБнын кургак затка болгон 1 кундук керектөөсү

***Коэффициент** – Малдардын тирүүлөй салмагын аныктоо боюнча ыкмасынын жыйынтыктарынан алынган.*

**3.2. 5 жылга карата болжолдуу шарттуу малдын башы жана тоютка болгон муктаждык**

2025-2030-жылдарга малдын ар кандай түрлөрү боюнча өсүү темпинин негизинде айыл чарба малынын санынын өсүү болжолуна талдоо көрсөткөндөй, орточо жылдык өсүш ___% түзөт, 2025-жылга карата ШМБ 2508 башты түзөт жана 18967864 тонна кургак зат талап кылынат.

**9-таблица**

<table>
<tr><th rowspan="3">№</th><th rowspan="3">Малдардын түрү</th><th>Орточо жылдык өсүш +/-</th><th colspan="4">Малдын түрү боюнча малдын шарттуу башынын орточо жылдык өсүшү тууралуу маалымат</th></tr>
<tr><th rowspan="2">%</th><th>2025-ж.</th><th>2026-ж.</th><th>2027-ж.</th><th>2028-ж.</th></tr>
<tr><th>C=(G*K%)+G</th><th>D=(C*K%)+C</th><th>E=(D*K%)+D</th><th>F=(E*K%)+E</th></tr>
<tr><td>1</td><td>Ири мүйүздүү мал</td><td>2508</td><td>37620</td><td></td><td>0</td><td>0</td></tr>
<tr><td>2</td><td>Торпоктор (1 жашка чейин)</td><td>1400</td><td></td><td>0</td><td>0</td><td>0</td></tr>
<tr><td>3</td><td>Кой-эчкилер</td><td>2490</td><td></td><td>0</td><td>0</td><td>0</td></tr>
<tr><td>4</td><td>Жылкылар</td><td>502</td><td></td><td>0</td><td>0</td><td>0</td></tr>
<tr><td>5</td><td>Тайлар (1 жашка чейин)</td><td>18</td><td></td><td>0</td><td>0</td><td>0</td></tr>
<tr><td colspan="2">Баардыгы ШМБ</td><td></td><td>0</td><td>0</td><td>0</td><td>0</td></tr>
<tr><td colspan="3">ШМБ кургак затка болгон муктаждыгы жылдар боюнча</td><td>0</td><td>0</td><td>0</td><td>0</td></tr>
</table>

### 3.3. Сезон боюнча жайыттардагы жана жайыттан башка дагы жер участокторундагы тоюттун көлөмү

**10-таблица**

| **Сезон** | **Жалпы аянты, га** | **Жайыттар** | |
|---|---|---|---|
| | | **Түшүмдүүлүгү*КЗ кг/га** | **КЗ дүң түшүмү, кг** |
| Жазгы | 6920 | 420 | 2906400 |
| Жайкы | 10340 | 370 | 3825800 |
| Күзгү | 6920 | 370 | 2560400 |
| Кышкы | 3890 | 110 | 427900 |
| **Жалпы** | **28070** | **318** | **9720500** |

Ар бир жайыттын орточо түшүмдүүлүгү (жайыттарда жана жайыт участокторунан башка жерлерде тоюттун болушун сезон боюнча эсептөөдө жана талдоодо) ар бир чарчы метрге бааланган, кургак заттар таразага тартылып, колдо болгон чөптү аныктоо жана кг/га негизинде бааланган. Жайыттарда жаюунун жол берилген ченемдери орто эсеп менен 50-60% түзөт.

### 3.4 Даярдалуучу тоюттун көлөмү

Даярдалуучу тоюттун түшүмдүүлүгүнүн маалыматы 2025-ж. статистикалык маалымат боюнча алынды.

**11-таблица**

| № |
| --- |

| № | Тоюттун түрү | Айдоо жерлердин аянты, га | Түшүмдүүлүк, кг/га | Дүң жыйым, в кг | 1 күнгө/ ШМБ | 1 айга/ ШМБ | Короодо кармоо мезгили/ ШМБ |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | C | D | E=C*D | F=E/7,5кг | G=E/ (7,5*30,4) | H=E/ (7,5*136күн) |
| 1 | Көп жылдык чөптөр (Эспарцет, беде 3-4 чабык) | 1201 | 1676 | 2012876 | 268383 | 8828 | 1789 |
| 2 | Арпа саманы | 40 | 800 | 32000 | 4267 | 140 | 28 |
| 3 | Буудай саманы | 540 | 1000 | 540000 | 72000 | 2368 | 480 |
| 4 | Жүгөрү саманы | 501 | 2000 | 1002000 | 133600 | 4395 | 891 |
| | **Бардыгы** | **1236** | **1369** | **3596876** | **478250** | **15732** | **3188** |





График №1

**2025-Жылга карата мезгилдер боюнча жайыттардын жана мал жайылуучу участоктордун түшүмдүүлүгү жана сыйымдуулугу боюнча жыйынтыкталган таблица**

**11.1-таблица**

| **№** | **Мезгил** | **Аянты,га** | **КЗ орточо түшүмдүүлүгү, кг/га** | **КЗ түшүмү, кг** | **Жайыттан оттолуучу тоют КЗ/кг (оттоо коэф.ти 50%** | **1 айга 1га жайыттын сыйымдуулугу** | **Ар бир мезгилде 1ШМБнын керектөөсү, га** | **Жалпы үйүрдү жайытка жаюу күндөрү** | **1 күнгө/ШМБ** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **G** | **D** | **E=C*D** | **F=E*0,5%** | **D=k/C** | **H=C/L** | **I=F/(7,5*жалпы ШМБ** | **J=F/7,5** |
| 1 | Жаз | 6920 | 420 | 2906400 | 14532 | 0,9 | 2,2 | 63 | 193760 |
| 2 | Жай | 10340 | 370 | 3825800 | 19129 | 0,8 | 3,7 | 82,9 | 255053 |
| 3 | Куз | 6920 | 370 | 2560400 | 12802 | 0,8 | 3,1 | 55,5 | 170693 |
| 4 | Кыш | 3890 | 110 | 427900 | 2139,5 | 0,2 | 18,5 | 9,3 | 28527 |
| **Жалпы** | | **28070** | **1270** | **9720500** | **48602,5** | **2,7** | **27,5** | **210,7** | **648033** |

## 3.5 Тоют балансы

Жайыттардын түшүмдүүлүгүнө жана колго даярдалуучу тоюттардын көлөмүнө жүргүзүлгөн анализге ылайык (11 жана 11,1-таблица), айыл аймакта жайыт жана даярдалуучу тоюттар жетиштүү өлчөмдө камдалган. Малды кыш мезгилинде тоют менен камсыздоо үчүн жетиштүү көлөмдөгү тоют даярдалат, анткени айдоо аянттары айыл аймактын ар бир тургунуна малды багууга жетиштүү өлчөмдөгү жер үлүшү бөлүнүп берилген.

**2025-жылга карата жана ар бир мезгилге жараша тоют балансы**


**12-таблица**

| **Жыл** | **Эквивалент (ШМБ)** | **Тоютка муктаждык** | **Жыл мезгили (КЗ,тонна менен)** | | | | **Баардыгы (КЗ,тонна)** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | **Жаз** | **Жай** | **Күз** | **Кыш** | |
| 2024 | 4564 | Жайыт тоюту | 1833 | 2764 | 2283 | 0 | 6880 |
| | | Даярдалуучу тоют | 255 | 385 | 318 | 4655 | 5613 |
| **Жалпысы** | | | **2088** | **3149** | **2601** | **4655** | **12493** |
| 2025 | 4573 | Жайыт тоюту | 1841 | 2776 | 2293 | 0 | 6910 |
| | | Даярдалуучу тоют | 255 | 385 | 318 | 4673 | 5631 |
| **2025-жылга алдын ала жыйынтык** | | | **2096** | **3161** | **2611** | **4673** | **12542** |

2025-жыл ичинде малдын жалпы саны тоют менен талаптагыдай камсыз кылуу үчүн **12542** тонна тоют керектелет,анын ичинде **6910** тонна жайыт тоюту жана **5631** тонна даярдалуучу тоютукирет. Адатта мал жайытка бир жыл ичинде **215** кун жайылат,ал эми короодо **150** күн кармалат.

**13-таблица**

| № | Жайуу мезгили | Жалпы тоют | 50%Оттоо | 60% Оттоо | КЗжалпы керектөөлүүсү |
|---|---|---|---|---|---|
| | | Тонна менен | | | |
| 1 | Жаз (45-күн) | 2906 | 1453 | 1744 | 2339 |
| 2 | Жай (120-күн) | 3826 | 1913 | 2295 | 6236 |
| 3 | Күз (50-күн) | 2560 | 1280 | 1536 | 2598 |
| 5 | Кыш (150-күн | 428 | 214 | 257 | 7795 |




Бирлик а/а мал жаюу системасына 16 участок же 4 мал жаюуну башкаруу зонасы (коктулар) кирет. Ар бир коктудагы талаа жана шалба-талаа жерлери бар. Жайыттын түшүмдүүлүгү 1чарчы жайыт жеринен “Чөп Чабуу” ыкмасынын негизинде аныкталат.

“Кыргызгипрозем”институнан жазгы жана кышкы тоюттардын түшүмдүүлүгү боюнча алынган маалыматтардын негизинде колдонулунган жана бул маалыматтар тийиштүү жайыт участокторуна гана колдонулат.Жайытка жаюуга уруксат берилген ченемдер 60%түзөт,бирок Бирлик а/а жүргүзулгөн анализде “жарымын алуу жана жарымын калтыруу” белгилүү стандарт колдонулат.

Анализ көрсөткөндөй,талаа жана шалба-талаа жайыттарында жайытка жаюунун 50%дык уруксат берилген ченемин колдонууга тоюттун түшүмдүүлүгу жетиштүү.

## 4. 5 ЖЫЛГА КАРАТА ЖАЙЫТТАРДЫ БАШКАРУУ ЖАНА ПАЙДАЛАНУУ, АЛАРДЫ ЖАКШЫРТУУ ЖАНА РЕАБИЛИТАЦИЯЛОО БОЮНЧА ОРТО МӨӨНӨТТҮҮ ПЛАНЫ

### 4.1 Фокус топторду сурамжылоонун жыйынтыктарынын негизинде жайыт пайдалануучулардын муктаждыктарын баалоо анализи

Айылдардын жалпы чогулуштарында жана жыйындарында төмөнкү артыкчылыктуу багыттар аныкталды, аларды чечүү климаттын өзгөрүү шарттарында жайыт пайдалануучуларга ыңгайлашууга жана туруктуу өнүгүүгө мүмкүндүк берет:

***Өнүктүрүүнүн артыкчылык багыттары***

**14-таблица**

| № | Маселе | Иш-чара | Күтүлүүчү жыйынтык | |
|---|---|---|---|---|
| ***Жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча*** | | | | |
| 1 | “Алоодин” участкаларда деградациянын белгилери байкалууда | Жайыттардын абалына мониторинг жана баалоо жүргүзүү | Деградациянын себептери аныкталып, алардын алдын алуу боюнча чаралар белгиленди | |
| 2 | “Гауян” участкалардагы ротацияны бузгандыктан малдын көп жайылышы байкалууда | Жайыттардагы сезондук ротацияны жакшыртуу жана эс алдыруу менен мал жаюу системасын жакшыртуу | Сезондук которуштуруп айдоону киргизүүнүн натыйжасында жакынкы жайыттар жайында толугу менен эс алат, мунун натыйжасында чөптөр калыбына келтирилет. | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 3 | “Заркар” жайыт участоктору отоо чөптөр менен капталган (мисалы караган) | Бадал менен күрөшүү чараларынын системасын иштеп чыгуу | Жүргүзүлгөн иш-чаралардын жыйынтыгында мал жаюу үчүн 30га жайыт жеткиликтүү болот. | |
| 4 | Жаныбарлар ысык стресстен кутулууга же ташуу учурунда аба ырайынын начардыгынан баш калкалоого “Заркар”-жайыттарда жаныбарлар үчүн эс алуу жайлары жана коргоочу көчөттөр жок. | Жаныбарлар үчүн баш калкалоочу жайларды куруу, коргоочу көчөттөрдү отургузуу | Баш калкалоочу жайларды куруунун, бак-дарактарды отургузуунун жыйынтыгында, ысык же бороондуу күндөрдө жаныбарлар баш калкалоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат, натыйжада продуктуулугу стресстүү шарттарда төмөндөбөйт. | |
| 5 | Жазгы мезгилде жайыт тоютунун жетишсиздиги байкалган. | 30 га участокго эспарцет үрөөнүн себүү менен сыноо жүргүзүү | Маданий жайыттарды түзүүнүн натыйжасында бул райондо пор-циялуу мал жаюуну уюштурууга мүмкүнчүлүк түзөт. Бул жазгы жаратылыш аймактарына жүктү азайтат. | |
| ***Жайыт инфраструктуралары боюнча*** | | | | |
| 1 | | | | |
| 2 | | | | |
| 3 | | | | |
| ***Мал чарбасы жана малдын ден-соолугун коргоо боюнча*** | | | | |
| 1 | | | | |
| 2 | | | | |
| 3 | | | | |
| ***Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын потенциалын жогорулатуу*** | | | | |

<table>
<tr><td rowspan="3">1</td><td rowspan="3">Мамлекеттик жайыт жерлерин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан натыйжалуу жана сарамжалдуу башкаруу үчүн</td><td>Жайыттардын абалына мониторинг жана баалоо жүргүзүү боюнча окутууларды уюштуруу</td><td rowspan="3">Жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрүнүн билимдери жогорулатылды, бул жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин жакшыртууга мүмкүндүк берет</td><td></td></tr>
<tr><td>Жайттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча планды жана жайыттарды пайдалануунун ар жылдык планын иштеп чыгууну жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына окутуу</td><td></td></tr>
<tr><td>Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрүн жайыттарды башкаруунун укуктук негиздери боюнча окутуу</td><td></td></tr>
</table>

## 4.2 Жайыттардын абалына мониторинг жана баалоо жүргүзүү боюнча чаралары

Айыл аймагында жайыттарды туура пайдалануу үчүн ______, _______ (участкалардын аталыштары) участоктору атайын тандалып алынган, бул аймактарда жыл сайын жайыттардын абалына мониторинг жүргүзүлүп, алынган натыйжалар башка ушул сыяктуу жайыт участкаларынын абалына баа берүү үчүн колдонулат. Мониторингдин жыйынтыктары жайыттарга мал жаюу системасын жана абалын жакшыртуу боюнча чараларды тууралоо үчүн жыл сайын колдонулат. Жайыттардын абалын жакшыртуу боюнча иштерди улантуу жана көрүлүп жаткан чаралардын эффективдүү болуусу үчүн жайыттардын абалына мониторингди жыл сайын жүргүзүү пландалууда.

**15-таблица**

<table>
<tr><th rowspan="2">№</th><th rowspan="2">Участоктун аталышы</th><th rowspan="2">Жайыттын тиби</th><th rowspan="2">Пайдалануу сезону</th><th rowspan="2">Аянты, га</th><th rowspan="2">Мониторинг жана баалоо жүргүзүүгө тандалып алынган участоктордун аталышы</th><th colspan="5">Жылдар боюнча моииторинг жана баалоо жүргүзүү</th></tr>
<tr><th>2025</th><th>2026</th><th>2026</th><th>2028</th><th>2029</th></tr>
<tr><td>1</td><td>Алоодин коктусу</td><td>Шалбалуу</td><td>Жай</td><td>3550</td><td rowspan="4"></td><td rowspan="4">x</td><td rowspan="4">x</td><td rowspan="4">x</td><td rowspan="4">x</td><td rowspan="4">x</td></tr>
<tr><td>2</td><td>Ууру-сай коктусу</td><td>Шалба талаа</td><td>Жай</td><td>1220</td></tr>
<tr><td>3</td><td>Гауян коктусу</td><td>Шалба талаа</td><td>Жаз, жай</td><td>1830</td></tr>
<tr><td>4</td><td>Гороту кок тусу</td><td>Шалба талаа</td><td>Жаз, жай</td><td>1200</td></tr>
<tr><td>5</td><td>Сөгөт коктусу</td><td>Шалба талаа</td><td>Жыыл бою</td><td>1200</td><td rowspan="2"></td><td rowspan="2">x</td><td rowspan="2">x</td><td rowspan="2">x</td><td rowspan="2">x</td><td rowspan="2">x</td></tr>
<tr><td>6</td><td>Айылга жакын жайыттар</td><td>Шалба талаа</td><td>Жаз. Жай, күз</td><td>1 50</td></tr>
<tr><td>7</td><td>Сөгөт коктусу</td><td>Шалба талаа</td><td>Жыл бою</td><td>1200</td><td></td><td>x</td><td>x</td><td>x</td><td>x</td><td>x</td></tr>
<tr><td colspan="4">Всего:</td><td>11690</td><td></td><td></td><td></td><td></td><td></td><td></td></tr>
<tr><td></td><td></td><td></td><td></td><td></td><td rowspan="3"></td><td rowspan="3"></td><td rowspan="3"></td><td rowspan="3"></td><td rowspan="3"></td><td rowspan="3"></td></tr>
<tr><td></td><td></td><td></td><td></td><td></td></tr>
<tr><td></td><td></td><td></td><td></td><td></td></tr>
</table>

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | |
| | | | | | | | | | | |

Жайыттардын абалынын мониторинги жана баалоосунун жыйынтыктары (шаблон) жылдар боюнча ушул Excel программасындагы “Мониторинг жана баалоо” таблицалары менен толтурулат.

### 4.3 Жайыттарды пайдалануу планы

Жайыттардын абалын жакшыртуу үчүн жазгы-күзгү жайыттардын түшүмдүүлүгүн жогорулатуу максатында иреттүү жайыт пайдалануу эрежелерин сактоо жана малдын саны жайыттын сыйымдуулугуна туура келүүсүнө көзөмөл кылуу пландалууда. Жайыттарды которуштуруу планы Жайыттардын абалына мониторинг жана баалоо жүргүзүүнүн (ЖАМБЖны 3-тиркемеден толук тааныша аласыздар) жыйынтыктарынын негизинде жеңил деградацияга учураган участокторду узак мөөнөттүү же 50% эс алдыруу боюнча иш-чаралар төмөндөгү 13-таблицада көрсөтүлгөн.

**2025 – 2030-жалдарга карата жайыт которуу графиги**

**16-таблица**

| **Участоктордун аталышы** | **Жайыт аянты, га** | **Пайдалануу мезгили** | **Жылдар** | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | **2025** | **2026** | **2027** | **2028** | **2029** |
